УДК: 81г38

Осмонова Ж.
*К.Тыныстанов атындагы ЫМУ*

# АЗЫРКЫ УЧУРДАГЫ КЫРГЫЗ СТИЛИСТИКАСЫНЫН КАЛЫПТАНЫШ МАСЕЛЕЛЕРИНЕН

Адам баласынын негизги пикир алышуу куралы болгон тил коомдун өнүгүү процессиндеги бардык өзгөрүүлөрдү, ал тургай оош-кыйыштарды чагылдырып турат. Ал эми тилдин өзү системалар системасы болгон соң, экстралингвистикалык факторлордун таасирине катмарлары (деңгээлдери) дуушар болот. Булардын ичинен эң биринчи болуп стилистика таасирленет. Мунун себеби - стилистиканын тилдин тышкы катмары б.а. аны коом менен байланыштырып турган бөлүгү болгонунда.

Стиль түшүнүгү тилдин коомдук кызматы менен тыгыз байланышта каралат. Тилдин ал кызматтары – пикир алышуу, кабарлоо жана таасир этүү. Маселен, кыргыз тилинин функционалдык стилдеринин коомдо аткарган милдеттерине, максаттарына карата алардын ар бирине токтолуп көрсөк, официалдуу-инстиктүү стиль кызматка, административдик – башкарууга, укуктук мамилелерге тиешелүү функцияга ээ болуп, аларга тиешелүү документтердин даярдалышында колдонулат да, мында нукура закон документтер: мыйзам, устав, граждандык жана укуктук актылардын даярдалышын, административдик-концелярдык документтер: акт, приказ, указ, иш кагаздары; өмүр баян, ишеним кат, тил кат, арыз, мүнөздөмө ж.б. жана дипломатиялык мамилелерге тиешелүү документтер: коммюнике, конвенция, келишим, меморандум, нота. Аталган документтер кат жүзүндө даярдалгандыктан, бул стиль мүнөздүү түрдө жазуу формасында ишке ашат.

Бул стилдин негизги максаты – кызыкчылыгы бар тараптардын тагыраак айтканда, мамлекетердин, мекемелердин, уюмдардын, бийлик органдарынын, калктын ж.б. аракеттерине, укуктарына байланышкан маселелерин жөнгө салуу, алардын өз ара макулдашууларын, уюшкандыгын, биримдигин ыраттуулукка келтирүү. Ал эми илимий стиль илим чөйрөсүндө колдонулат. Илимдин негизги максаты – дүйнөнүн обьективдүү картинасын чгылдыруу, андагы закон ченемдүүлүктөрдү аныктоо, изилдөөнүн чындыкка ылайык келерин далилдөө.

Кыргыз тилинин функционалдык стильдеринин негиздеринин бири болгон публицистикалык стиль. Бул стиль, газеталарда, коомдук саясий журналдарда, радио жана телеберүүлөрдө колдонулат. Мындагы эң негизги максат: биздин өлкөбүздө жана чет өлкөлөрдө болуп жаткан маанилүү саясий окуялар, иш – аракеттер жөнүндө калың элге өз учурунда, тез, таасирдүү, жеткиликтүү маалымат берүү; ошол окуяларга иш – аракеттерге алардын белгилүү бир мамиледе болушун жана аракеттенүүсүн пайда кылуу, тагыраак айтканда, берилген маалыматтарга карата калың элдин жактыруусу, кубаттоосу, жактырбоосу, каршы чыгуусун пайда кылуу. Демек, бул стиль агитация, пропаганда жүргүзүү, айтылган маселеге көпчүлүктү ынандыруу, уюштуруу жана аларды чындыкка, адилеттүүлүккө тарбиялоо үчүн зарыл.[1] Жогоруда белгилегендей функционалдык стилдерин максаттары, аткарган милдеттери коом үчүн абдан маанилүү экендиги байкалып турат. Демек, коом канчалык өнүккөн болсо, андагы колдонулган тилдин стилдер системасы да ошончолук өнүккөн болот.

Кыргызстан эгемендүүлүккө жетишип, эне тилибиз мамлекеттик, расмий тил статусуна ээ болгондон бери тилибизди өөрчүтүп бүгүнкү күндүн талаптарын

---

[1] Давлетов С. Байланыштуу речь. Бишкек, «Мектеп», 1999.

жооп бергендей деңгээлде көтөрүү маселеси өтө курч коюлган. Бул жагдайдан алганда коомдун бардык чөйрөлөрүн тейлей алыш үчүн чыныгы комдун тил милдетин аткарыш үчүн кыргыз тили эң алды стилдик жактан өнүгүшү зарыл.

Тилекке каршы, кыргыз тил илиминде стилистика тармагы көптөгөн жылдар бою унутта калып келген.

Стилистика адамдардын практикалык турмушунда, бирин-бири түшүнүшүп, маданияттуу пикир алышуусунда зор роль ойногондуктан, анын маалыматтарын мектеп окуучуларына да үйрөтүүнүн билим бергич, тарбиялагыч. Алардын сөз маданиятын жогорку баскычка көтөргүч зор мааниси бар экендиги талашсыз. Маселенин ушул жагы эске алынып 60-жылдардын аягында, 70-жылдардын башында стилистикалык маселелер окуу программасына киргизилип окуу китебинен орун алган болучу. Мындагы стилистикалык маалыматтар проф. А.Жапаров тарабынан иштелген. Кийинчерээк ал материалдар окуу китебинен алынып ташталып, анын ордуна орфографияга, пунктуацияга тиешелүү материалдар кеңилтип киргизилген. Мезгилдер өтүү менен стилистикалык материалдарды мектеп окуучуларына бербей коюу мүмкүн эмес экендиги даана көрүнүп отурду. Окуучулар эң жөнөкй арыздарды, чогулуштун токтомун жазууга да батына албай калгандыгы байкалды. Анткени кантип жазуунун үлгүлөрү иштелип чыкпагандыгына байланыштуу эле. Жазуу иштериндеги каталарды классификациялоо да өз нугунда турбагандыгы, стилдик кайсы катага кошу да белгисиз кала бергендиги, окуучулардын оозеки жана жазуу речин өнүктүрүүнүн, алардын стилистикалык сапатын жакшыртуунун ыкмалары иштелип чыкпагандыгы ж.б. ушул сыяктуу шарттар стилистикалык маалыматтардын окуу программасы менен окуу китебине кирүүсүн шарттады.

Ошентип, стилистиканын материалдарыкайрадан окуу программасына киргизилди. Буга мектеп реформасынын талаптарына ылайык кийинки кездердеги, тагыраак айтканда, 1987-1989-жылдардагы өркүндөтүлгөн мектеп программасын далил келтирүүгө болот. Ошондой болсо да, ал мезгилде жаңы программанын талаптарына ылайык окуу китептеринин, методикалык колдонмолордун жок экендигине байланыштуу бир топкыйынчылыктар да болбой койгон жок. Ырас, мындай жooптуу маселеге алгачкылардан болуп киришкен окумуштуу – педагог, доцент С.Давлетовдун «Байланыштуу речь». Мугалимдер үчүн колдонмо, «Официалдуу – иштиктүү стиль жана аны мектептерде окутуу» деген китепчелерин жана басма беттерине жарыяланган айрым макалаларды эске албаганда, ал боюнча илимий-изилдөөлөр саналуу гана эле. Мектеп грамматикалары, т. а. окуу китептери да жакынкы эки, үч жылдан бери талапка ылайык жаңыланып келатат. Расмий тилдин негизги өзгөчөлүктөрүнүн бири болуп анын өз адабий нормаларына, алардын ичинде, стилистикалык нормаларга ээ болушу эсептелет. Бирок буга чейин кыргыз тилинин стилистикалык нормалары аздыр-көптүр калыптанып келсе, кийинки мезгилде бул нормалар өнүгүү абалына караганда артка чегинүү абалына келгендей сыяктанат. Азыркы учурдагы күндөлүк басма сөз, радио, телеберүүлөрдүн тилдери, алардагы стилдик чаржайыттыктар, адабий тил менен оозеки кептин жергиликтүү диалектилердин аралаш колдонулушу жана башка ушул сыяктуу мүчүлүштүктөр буга айкын далил боло алат.

Күндөлүк массалык-маалымат каражаттарынын, радио, телеберүүлөрдүн тилибизди өнүктүрүүдө, биздин өлкөбүздө жана чет өлкөлөрдө болуп жаткан маанилүү саясий окуялар, иш – аракеттер жөнүндө калың элге өз учурунда тез, таасирдүү, жеткиликтүү маалымат берүүдө, агитация, пропаганда жүргүзүүдө зор мааниси бар экендиги талашсыз. Бирок тилекке каршы, бул жагдайда стилдик жагынан болгон чар-жайыттыктар, сөздөрдүн орунсуз айтылышы, тура эмес

которулушу, сүйлөмдөрдүн сөз тизмектеринин туура эмес курулушу, азыр деле көп кездешүүдө. Маселен: Азыркы мезгилде биз иштешибиз керек эл аралык багыт боюнча; Ысык-Көл мамлекеттик заповедник; эгинчилик жүрүзүү; дыйканчалык жүргүзүү; Мен ойлогондой (менин оюмча, жебиздин пикирибизче болуу керек; бул фактылар телеберүүдөн алынды). Жалаң структуралык алакадан сыртка чыкпай…; Сот ыргагы башталды (заман газетасынан) ж.б. Радио, телеберүүлөргө интервью ала турган журналист интервью бере турган Адам менен алдын ала сүйлөшүп, сөзүн угуп, кемчиликтерин толуктап, керектүү эскерүүлөрдү берип, интервьюга даярдоо ийгилигин камсыз кылуу зарыл экендигин эске алуу керек. Айрым учурларда телеберүүлөрдө интервью берген адамдын сөзүнө караганда журналисттин берген суроолору узакка созулгандыгы да байкалат.

Мамлекеттик тил жөнүндөгү маселелердин аткарылышы, анын өркүндөө келечеги боюнча бир топ көрүнүктүү иштер жасалгандыгы да жакшы көрүнүш. Маселен, проф. С.Жигитовдун сөзү менен айтканда, соңку жылдары терминдедин оош-кыйыш, чалды-куйду колдонулушу, кыргыз адабий тилинин лексикасында бир кыйла оң – терс өзгөчөлүктөрдүн болгондугу чындык.

Бул маселеге карата Кыргыз Республикасынын президентине караштуу мамлекеттик тил боюнча комиссия тарабынан «Учурда активдүү колдонулуп жаткан саясий, юридикалык, экономикалык жана башка терминдин сөздүгү» деген эмгек жарык көрдү. Бул сөздүк терминдердин которулушу, такталышы боюнча маанилүү, баалуу эмгек десек жаңылышпайбыз. Мындан тышкары профессорлор Т.Ахматов, Т.Аширбаев тарабынан «Иш кагаздары. Мамлекеттик тилде иш жүргүзүү» деген эмгеги жарык көрдү. Бул эмгектин маанилүүлүгү иш жүргүзүүнү кыргызча алып барууга арналган иш кагаздарынын өзгөчөлүктөрүнө карата топторго бөлүштүрүп, алардын үлгүлөрүн, анда колдонулуучу тексттердин тилин, текст түзүү маселелерин толук камтыгандыгынла. Булардан тышкары окуу китептеринин мезгилдин талабына алайык жаңыдан түзүлүшү, Кыргыз эмес класстарда кыргыз тилин өзгө тил катары окутууга карата жарыяланган кыргыз тили китептери жана стилистикага арналган жогорку окуу жайлары үчүн «Кыргыз тилинин стилистикасы» аттуу төрт китептен турган окуу китеби басмадан чыкты. Булардан башка да көптөгөн илимий иштер, илимий макалалар иштелди. Жогоруда аталгандардын бардыгы мамлекеттик тилдин өркүндөө келечегине кошкон чоң салым десек жаңылышпайбыз.

Албетте, жогоруда аталган көрүнүштөрдүн мыйзам ченемдүү экендигин да танууга болбойт. Совет мезгилинде негизинен турмуш тиричилик менен маданияттын чегине камалып келген тилди илимий-техникалык маанисин коомдун бардык муктаждыктарын канааттандырган тилге айландыруу оңой-олтоң иш эес. Азыркы учурда өөрчүү, баюу процессин башынан кечирип жаткан тилибизде көптөгөн жаңы сөздөр, терминдер өздөштүрүлүп, жаңы стилдердин калыптанышында мурдагы архаизм, историзмдер кайрадан жанданып, адабий тил диалектилик сөздөрдүн эсебинен толукталып жатт. Буга далил катары Аким, акимчилик, губернатор, мырза, айым, пайыз, мыйзам ж.б. фактыларды келтирүүгө болот. Мунун өзү. Бир жагынан, кыргыз тилинин стилдер системасын өзгөртсө, экинчи жагынан, тилдин тазалыгын, маданиятын сактоо маселесин курчутууда.

Ушундан улам стилистика жаатында кеңири илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү, тилдин өнүгүшүндөгү бардык жаңы көрүнүштөрдү илимий көзөмөлгө алуу, стилистикалык нормаларды иштеп чыгууга киришүү, жана ошондой эле тилибизди булгаган, бузган терс көрүнүштөргө жол бербөө – учурдун талабына ылайык маанилүү маселелерден экендиги талашсыз.

Адабияттар:

1. Кожина М.Н. Стилистика русского языка. -М.: Просвеүение, 1983.
2. Аширбаев Р. Кыргыз тилинин стилистикасы. I, II, III китеп, -Бишкек, 2000, 2001.
3. Давлетов С. Байланыштуу речь. -Бишкек, 1999.
4. Учурда активдүү колдонулуп жаткан саясий, юридикалык, экономикалык жана башка терминдердин сөздүгү. -Бишкек, 2000.
5. Ахматов Т., Аширбаев Т. Иш кагаздары. Мамлекеттик тилде иш жүргүзүү. -Бишкек. 2001.
6. Орузбаева Б. Мамлекеттик тилдин өркүндөө келечеги. -Бишкек, 2004.